german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

From
the People of Japan

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

UNDP

# ЖМК жана ШАЙЛОО

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ ELECTIONS 2020



ЖМК жана журналисттер үчүн эскертүү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын маалымат бөлүмүнүн эксперти Асель Омуракунова жана БУУӨПтүн шайлоону колдоо боюнча программасынын улук кеңешчиси Юлия Шипилова даярдады.

Эскертүү Жогорку Кеңешке жана жергиликтүү кеңештерге шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө ЖМК өкүлдөрүнө, журналисттерге жана редакторлорго жардам берүү максатында иштелип чыккан. Эскертүү шайлоо мыйзамдарына жана аларды колдонуу тажрыйбасына кызыккан, ошондой эле шайлоо адил, ачык-айкын жана мыйзам алкагында өтүшүнө кызыкдар бардык адамдарга пайдалуу болот.

# МАЗМУНУ:

1. ЖМКнын шайлоодогу ролу ____ 3

2. ЖМКнын шайлоодогу ишинин эл аралык стандарттары ____ 5

3. ЖМКнын шайлоодогу жүрүм-турумунун кодекси ____ 8

4. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын укуктары жана милдеттери ____ 11

5. Шайлоо процесси жөнүндө жалпы маалымат ____ 23

6. Шайлоо процессинин жүрүшү жөнүндө маалымдоо ____ 30

7. Шайлоо алдындагы үгүт ____ 37

8. Добуш берүү күнү жана добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү ____ 54

9. Шайлоо календары ____ 62

10. Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматтык ресурстары ____ 63

# 1.ЖМКнын шайлоодогу ролу

ЖМК шайлоо процессинде өтө маанилүү роль аткарат, себеби шайлоочуларга эл аралык стандарттарга жана мыкты тажрыйбаларга ылайык аң-сезимдүү тандоо жасоого мүмкүндүк берет. ЖМК шайлоо процессинин негизги кызыкдар тараптарынын – шайлоочулардын, шайлоону администрациялаган органдардын, талапкерлердин, саясий партиялардын, байкоочулардын, эл аралык уюмдардын ортосунда коммуникациялык функция аткарат. Шайлоону администрациялаган органдар ЖМК аркылуу шайлоо процессинин жүрүшү жөнүндө маалымат берет, шайлоочуларга маалымдайт, аларды агартат; саясий партиялар өз иши жана программасы жөнүндө маалымат берет, үгүт иштерин жүргүзөт, эл алдында позицияларын билдирет, атаандаштары менен дебатка чыгат.

## ЖМКнын милдеттери:

**Шайлоо процесси жөнүндө коомго маалымат берүү жана ой-пикир билдирүү**

**Саясий окуяларды кесипкөйлүк менен чагылдыруу**

**Шайлоого байланыштуу бардык окуяларды, анын ичинде шайлоону администрациялаган органдардын ишин, альтернативалуу саясаттарды жана платформаларды, талапкерлердин, партиялардын ишин, шайлоо өнөктүгү маалындагы проблемаларды жана инциденттерди, добуш берүү күнүнүн жүрүшүн чагылдыруу жана шайлоонун натыйжаларын жарыялоо**

**Шайлоочуларды ар түрдүү көз караштар менен тааныштыруу**

**Шайлоочуларга талапкерлердин программаларына сын көз менен мамиле жасоого мүмкүнчүлүк берүү**

# ЖМК аркылуу таратылуучу маалыматтын үч категориясы бар:

**Редакциялык камтуу**

- Жаңылыктар, макалалар, учурдагы окуялар жана эксперттик же коомдук пикир / редакциялар өздөрү түзгөн комментарийлер (чечмелөөлөр)

**Чагылдырууга түз кирүү жана үгүт**

- Партиялардын же талапкерлердин өздөрүнүн контролдугу алдында турган редакциялардын шайлоону чагылдыруусу, үгүт

**Шайлоочуларды агартуу жана аларга маалымдоо**

- Бул шайлоо администрациясы же башка бейтарап, партияларга кирбеген уюмдар тарабынан коомчулукка шайлоо жөнүндө маалымдоо үчүн иштелип чыккан материалдар

## 2. ЖМКнын шайлоодогу ишинин эл аралык стандарттары

- Тактык
- Аныктык / сылыктык
- Баланс жана калыстык
- Жеке турмушка колтийгистик укукту урматтоо
- Жооп берүүгө жана оңдоого укук
- Журналисттик булактарды коргоо
- ЖМКга кирүү

Мазмунуна же контекстине карабастан журналисттик ак ниеттүүлүктүн негизги стандарттары бар. Аларга төмөнкүлөр кирет:

**Тактык.** Бул стандарт журналисттерден маалымат толук жана кылдат текшерилген болуусун, далилденген фактыларга жана ишенүүгө боло турган булактарга таянылышын, баланс сакталышын жана сюжеттин чындыгын далилдеген тиешелүү жазуулардын талаптагыдай тандалма материалдар ар дайым болуусун талап кылат. Берилген маалыматтын тактыгы фактыларды айтылган ой-пикирлерден же көз караштардан так ажыратууну талап кылат жана ар дайым талаптагыдай калыстык принцибин карманат. Негизсиз ой-пикирлер ошондой ой-пикирлер катары так белгилениши керек.

**Анықтык / сылыктык**. Бул стандарт окуя сыяктуу эле анын бардык катышуучуларын адил жана ачык-айкын чагылдырууну талап кылат. Шайлоо процессинин катышуучуларын манипуляция кылуунун жана адаштыруунун ар кандай ыкмасына тыюу салынат.

**Баланс жана калыстык**. Бул стандарт кеңири аудитория өзү тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүгү болгондой жаңылыктарды так жана объективдүү берүүнү талап кылат. Талаптагыдай калыстык биринчи кезекте жаңылыктын предметин же каарманын көрсөтүү манерасына тийиштүү; ал эми баланстын сакталышы көрүүчүлөр менен угуучулардын белгилүү маселе боюнча кыйла кеңири спектрдеги ой-пикирлерди жана көз караштарды алышын карайт.

**Жеке турмушка колтийгистик укукту урматтоо**. Бул принцип адамдын жеке турмушуна ар кандай кийлигишүү жана жеке купуялуулукту бузуу кыйла маанилүү коомдук кызыкчылык менен гана шартталышынын кепилдигин талап кылат. Статусуна жана социалдык маанилүү ролуна карабастан ар бир адам ар кандай параметрлер белгилениши мүмкүн болгон коомдук жайларда жүргөн убакта эмес, өз үйүндөгү купуялуулукту коргоону күтө алат.

**Жооп берүүгө жана оңдоого укук.** Бул принцип анык эмес маалыматтан жапа чеккен адамдарга, шайлоо процессинин катышуучуларына жарыяланган материалга жооп берип, кетирилген каталарды оңдоого мүмкүнчүлүк берет. Маалыматты тактоо укугу толук төгүндөө талабына караганда кыйла жеңил болуп саналат жана айрым так эместиктерди же иш жүзүндөгү каталарды оңдоо жолу менен канааттандырылат. Мындай жагдайда редакция иш жүзүндөгү каталарды эл алдында мойнуна алып, оңдолгон маалыматты

берүүгө тийиш. Жооп берүүгө укуктун мааниси мында: жарыяланган окуянын фактыларын төгүндөө же тактоо үчүн жапа чеккен тарап берген жооп жарыяланат же угузулат, көрсөтүлөт. Эреже катары, мындай төгүндөөгө же тактоого редакция кетирген каталарды толук чагылдыруу үчүн эфирде мурдагы оригинал материалдын узактыгындай окшош убакыт же жарыялаганга мурдагы оригинал материалдын көлөмүндөгүдөй жетиштүү орун берилет.

**Журналисттик булактарды коргоо.** Бул стандарт журналисттерге өз маалымат булактарын коргоого мүмкүнчүлүк берет жана маалымат издөө укугунун ажырагыс бөлүгү катары каралат. Маалымат булактарына ар дайым шилтеме берип туруу зарыл деген ЖМК үчүн жалпы сунушка карабастан, журналисттер өздөрүнүн купуя булактарын коргоого укуктуу. Мындай укукка чектөөлөр так аныкталууга тийиш жана купуя маалыматтын булагын ачуу кыйла маанилүү коомдук кызыкчылык менен гана шартталган учурда гана уруксат берилет.

Өздөрүнүн саясий көз караштары менен тааныштырууга мүмкүнчүлүк бериш үчүн талапкерлердин, саясий партиялардын жана шайлоо процессинин башка чечүүчү катышуучуларынын ЖМКга кирүүсү. Бул көбүнесе талапкерлер же партиялар өздөрү иштеп чыккан саясий жарнамалар же үгүт билдирүүлөрү болуп саналат, мындай учурда редакция мазмунга эч кандай таасир этпейт, ал эми ЖМК маалыматты кеңири аудиторияга жеткизүү үчүн түздөн-түз каналдын ролун аткарат.

# 3. ЖМКнын шайлоодогу жүрүм-турумунун кодекси

**Атаандаштарга бирдей мамиле**

- Талапкерлердин / партиялардын шайлоочулар менен жолугушууларынын бирдей санына катышкыла
- Талапкерлер / партиялар менен жолугушууларды бирдей санда өткөргүлө
- Атаандаштардан белек же көңүл буруучу белгилерди албагыла

**Сөздүн бейтараптуулугу**

- Козутуучу сөздөрдү пайдалануудан качкыла
- Талашта тараптардын бирин колдоодон качкыла

**Сөздүн тактыгы**

- Башка адамдардын сөзү аркылуу айтылганды эмес, талапкер же партиянын өкүлү айтканды бергиле
- Маалыматты апыртып бербегиле

**Таза оюн жүргүзгүлө**

- Оппонентке каршы айып тагылса, комментарий берүүсүн сурагыла

Шайлоону адил чагылдыруу. Талаш маселелер боюнча журналист бардык кызыкдар тараптардын комментарийин берүүгө жана тигил же бул талапкер, партияга башка талапкер, партиянын койгон айыбына жооп берүүгө мүмкүнчүлүк түзүүгө аракет кылууга тийиш.

Тигил же бул талапкерге, партияга аң-сезимдүү түрдө артыкчылык берүүдөн карманып, жаңылыктарды мүмкүн болушунча так билдирүү.

Маалыматтагы ар кандай так эместиктерди же кетирилген каталарды оңдоого аракеттенүү. Бул өнөктүккө катышып жаткан партиялар жана талапкерлер үчүн убакыт жашоодогу абдан чоң мааниге ээ болгон шайлоо өнөктүгү маалында айрыкча ыкчам жүргүзүлүүгө тийиш.

Сиздин так эмес маалымат таратканыңыздын залакасы тийген адамдарга жооп кайтаруу укугун берүү. Жооп, оңдоо же төгүндөө болжолу бир көлөмдө болууга же ушак делген билдирүү сыяктуу болжолу ошончо убакытты ээлөөгө тийиш.

Талапкер, партиянын сөздөрүн интерпретация кылганга аракет кылбастан, анын ордуна эмне айтылса ошону ак ниеттүүлүк менен берүү керек.

Ар кандай проблемага, анын ичинде расалык, жыныстык жана диний проблемага байланыштуу эмоциялуу, шаттанган же кодулаган билдирүүлөрдөн качуу.

Фактыларды билдирүү менен ой-пикирди билдирүүнүн же комментарий берүүнүн ортосун так ажыратуу.

Өз билдирүүлөрүндө шайлоочуларга үн кошуу укугун берүү.

Бардык талапкерлерге, партияларга өз жалпыга маалымдоо каражатына кирүүгө мүмкүнчүлүк түзүү.

Социологиялык сурамжылоонун натыйжаларын талаптагыдай көңүл буруп берүү. Сурамжылоонун натыйжаларынан башка дагы билдирүү сурамжылоону жүргүзүүнүн датасы, анын буйрутмачысынын жана аткаруучусунун аты-жөнү, ошондой эле мүмкүн болчу мүчүлүштүктөрүнүн тармагы сыяктуу олуттуу маалыматты камтууга тийиш.

# 4. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын укуктары жана милдеттери

## ЖМКнын шайлоодогу ишинин укуктук негиздери

Жогорку Кеңешке жана жергиликтүү кеңештерге шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде ЖМКнын иши төмөнкү мыйзамдар тарабынан жөнгө салынат:

- "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР конституциялык Мыйзамы
- "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамы
- "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" КР Мыйзамы
- "Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө" КР Мыйзамы
- "Массалык маалымат каражаттары жөнүндө" КР Мыйзамы
- "Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө" КР Мыйзамы

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы бекиткен төмөнкү жоболор тарабынан жөнгө салынат:

**“Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүү тартиби жөнүндө” Жобо**

**“Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусу жана аларды аккредитациялоо жөнүндө”**

**“Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка субъектилерине маалымдоо жөнүндө”**

## ЖМКны жана интернет-басылмаларды аккредитациялоо

БШК тарабынан аккредитацияланбаган ЖМК жана интернет-басылмалар шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерисиз маалыматты жана маалыматтык (жаңылык) билдирүүлөрдү чагылдыруу жолу менен **гана** шайлоону маалыматтык жактан камсыздоого катышууга укуктуу.

Мындай материалдарда шайлоо комиссияларынын, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын, ошондой эле саясий партиялардын ишине байланыштуу редакциянын, журналисттин жеке пикири билдирилиши мүмкүн. Шайлоо алдындагы иш-чаралар өзүнчө маалыматтык блок менен комментарийлерсиз берилүүгө тийиш.

Шайлоо алдындагы **үгүткө** катышууну каалаган ЖМК жана интернет-басылмалар Борбордук шайлоо комиссиясына төмөнкү документтерди берүүгө тийиш:

**шайлоо алдындагы үгүткө катышууга даярдыгы жөнүндө билдирүүнү, анда жалпыга маалымдоо каражатынын же интернет-басылмасынын жетекчисинин Ф.А.А., координаттарын жана байланышуу маалыматтарын, өздөрүнүн өкүлдөрүнүн тизмесин көрсөтүүсү зарыл**

**ЖМКны КР Юстиция министрлигинде каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн**

**интернет-басылмалар үчүн юридикалык жактын мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүгүнүн же жеке ишкердин мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсүн;**

жалпыга маалымдоо каражатынын же интернет-басылманын уставынын көчүрмөсүн (эгерде бар болсо)

эфир убактысын, басма аянтчасын жана интернет-басылмаларына жарыялоо укугун бергендиги үчүн акы төлөөнүн өлчөмү жана башка шарттар жөнүндө күбөлөндүрүлгөн маалыматтар

өз өкүлдөрүнүн тизмеси жана электрондук түрдөгү арызда камтылган башка маалымат БШКнын электрондук почтасына жөнөтүлөт

**Жогорку Кеңешке шайлоодо 20 күндөн кечиктирбестен**

**Шайлоону даярдоо жөнүндө чечим расмий түрдө жарыялангандан кийин маалыматтар берилүүгө жана БШКнын сайтына жарыялануууга тийиш**

**Жергиликтүү кеңештерге шайлоодо 10 күндөн кечиктирбестен**

Берилген маалыматтар шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий түрдө жарыяланган күндөн тартып 25 күндөн кечиктирбестен жалпы маалымат үчүн Борбордук шайлоо комиссиясынын өзүнүн расмий сайтында жарыяланат.

Ага карата коюлуучу талаптарга жооп бербеген же зарыл документтери жок берилген аккредитацияга арыз карап чыгууга кабыл алынбайт.

**ЖМК жана интернет-басылмалар берген документтерде дал келбеген жагдайлар байкалганда**

| | |
|---|---|
| БШК документтерди алгандан кийин **24 сааттын** ичинде дал келбеген жагдайлар жөнүндө ЖМКга жана интернет-басылмаларга кабарлайт. | ЖМК жана интернет-басылмалар маалымдоону алган учурдан тартып **48 сааттын** ичинде зарыл өзгөртүүлөрдү киргизип, ондолгон документтерди берүүгө укуктуу |

**ЖМК, интернет-басылмаларды жана/же алардын өкүлдөрүн аккредитациялоо жөнүндө чечимди БШК аккредитациялоо үчүн зарыл болгон документтерди берүү мөөнөтү аяктагандан кийин беш календардык күндөн кечиктирбестен кабыл алат.**

| | |
|---|---|
| Белгиленген мөөнөттөрдөн кийин көрсөтүлгөн маалыматтарды жарыялаган жана берген ЖМК жана интернет-басылмалар БШКда аккредитациялоого киргизилбейт. | ЖМК, интернет-басылмалардын тизмеси БШКнын расмий сайтына жайгаштырылат |

Шайлоо комиссиялары шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө аккредитацияланган жалпыга маалымдоо каражаттарынын, интернет-басылмаларынын ар тараптан жана объективдүү маалыматтарды алуусу үчүн шарттарды түзөт.

| | |
|---|---|
| **Эскертүү** | ЖМК, интернет-басылмалар жана/же алардын өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузган учурда |
| **Аккредитацияны кайра чакыртып алуу** | Борбордук шайлоо комиссиясы жазуу жүзүндө эскертүү берет.<br>Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бир нече жолу (экиден ашык) бузган учурда |

Борбордук шайлоо комиссиясы жалпыга маалымдоо каражатынын, интернет-басылманын жана/же алардын өкүлдөрүнүн аккредитациясын кайра чакыртып алууга укуктуу

Жалпыга маалымдоо каражатынын, интернет-басылманын жана/же алардын өкүлдөрүнүн аккредитациясын кайра чакыртып алуу жөнүндө чечим жүйөлүү болууга, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына шилтемелерди камтууга тийиш

## Шайлоону өткөрүү мезгилинде чет өлкөлүк ЖМКлардын кабарчыларынин иштөө тартиби

Чет мамлекеттердин жалпыга маалымдоо каражаттарынын кабарчыларын Кыргыз Республикасынын аймагында аккредитациялоо тууралуу Жобого ылайык шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүн чагылдыруу үчүн КР ТИМ аккредитациялаган чет өлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарынын кабарчылары аккредитацияланган деп эсептелинет.

Чет өлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарынын кабарчыларына укуктар менен милдеттер берилет жана алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат. Чет өлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарынын кабарчыларынын укуктук абалын чектөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет.

∞ **ЖМКнын, интернет-басылмалардын жана/же алардын өкүлдөрүнүн саны чектелбейт.**

3 **Шайлоо комиссиясы өткөрүп жаткан бир иш-чарага бир ЖМК, интернет-басылманын өкүлдөрүнүн саны аларды жайларга жайгаштыруунун реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аныкталат жана бир жалпыга маалымдоо каражатынан же интернет-басылмаларынан үч адамдан ашпайт.**

## Аккредитацияланган ЖМК жана интернет-басылмалардын укуктары

Борбордук шайлоо комиссиясы аккредитациялаган жалпыга маалымдоо каражаты, интернет-басылма жана/же алардын өкүлдөрү **төмөнкүлөргө укуктуу:**

- шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга;
- өз редакцияларына жөнөтүү үчүн байланыш каражаттарын, аккредитацияланган журналисттер үчүн атайын бөлүнгөн жерлерге орнотулган башка байланыш техникасын пайдаланууга
- шайлоо комиссиясы кабыл алган чечимдер боюнча тиешелүү маалыматтарды алууга
- шайлоо комиссиясынын имаратында видео жана фото -тартууну жүзөгө ашырууга
- шайлоо комиссиясынан, анын ичинде атайын уюшулган брифингдерде, жолугушууларда жана басма сөз жыйындарында зарыл маалыматтарды алууга
- жарыялоого арналган маалыматтык-маалымдама материалдар менен таанышууга
- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү менен жолугушуу, интервьюларды уюштурууда Борбордук шайлоо комиссиясынын көмөктөшүүсүнөн пайдаланууга

Коомдогу маанилүү маалыматтарды жашырып-жабуу, бурмалоо, анык маалымат деген шылтоо менен имиштерди жайылтуу максатында журналисттин укугун пайдаланууга жол берилбейт.

# Аккредитацияланган ЖМК жана интернет-басылмалардын милдеттери

Өзүнүн кесиптик ишин жүзөгө ашырууда жалпыга маалымдоо каражатынын, интернет-басылманын өкүлү (журналист) төмөнкүлөргө милдеттүү:

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана эл аралык келишимдеринин талаптарын сактоого**

**даярдалуучу материалдардын жана билдирүүлөрдүн аныктыгын текшерүүгө, ошондой эле объективдүү маалыматтарды берүүгө**

**маалымат берген адамдардын алардын авторлугун көрсөтүү тууралу суранычын канааттандырууга**

**күнөөсүздүк презумпциясы принцибин кармануугa**

**депутаттыкка талапкерлердин, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын укуктарын жана эркиндиктерин, кадыр-баркын жана ар-намысын урматтоого**

! Аккредитациялаган жалпыга маалымдоо каражатынын, интернет-басылманын өкүлү (журналист) маалымат булагынын же автордун **уруксатысыз** укма-жана көрмө түзүлүштү пайдаланышы мүмкүн эмес.

## Журналисттин укуктарын коргоо

Жалпыга маалымдоо каражатынын, интернет-басылманын өкүлүнүн (журналисттин) кесиптик укуктары, кадыр-баркы жана ар-намысы мыйзам менен корголот. Маморгандардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук бирикмелердин, ишкана, мекеме жана уюмдардын кызмат адамдары төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:

- **цензураны жүзөгө ашырганы**
- **журналисттин мыйзамдуу кесиптик ишине тоскоолдук кылганы**
- **аккредитациядан негизсиз баш тартканы же аккредитацияны жүйөсүз токтоткону**
- **журналистке кысым көрсөткөнү, анын кесиптик ишине кийлигишкени**
- **журналисттин материалдарын жана техникалык каражаттарын мыйзамсыз алып койгону**
- **журналистке анык эмес жана объективдүү эмес маалыматтарды бергени**

Журналисттин мыйзамда белгиленген укуктарын бузуу, анын кадыр-баркын жана ар-намысын шылдыңдоо, журналисттин кесиптик ишин жүзөгө ашыруусуна байланыштуу аны коркутуу же анын өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө кол салуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

**Журналист расмий билдирүүлөрдө камтылган маалыматты тараткан үчүн жоопкерчилик тартпайт**

## Аккредитацияланган ЖМК жана интернет-басылмалардын жоопкерчилиги

Аккредитациялаган жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар жана/же алардын өкүлдөрү өз ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзөт жана даярдалып, таратылган материалдарынын жана билдирүүлөрүнүн аныктыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

Аккредитациялаган жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар жана/же алардын өкүлдөрү төмөнкүлөргө **милдеттүү:**

**журналисттик этиканын жалпы таанылган ченемдерин сактоого**

**шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүдө шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүнүн эрежелерин сактоого, жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин кыянат пайдаланбоого**

**окурмандарга, теле көрүүчүлөргө жана радио угуучуларга шайлоо комиссияларынын иши жөнүндө объективдүү маалымдоого**

**маалыматты таратууга өз укуктарын шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн кадыр-баркын жана ар-намысын кетирүү максатында пайдаланбоого**

**билип туруп жалган маалыматтарга негизделген жана талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлердин, саясий партиялардын жана шайлоонун башка катышуу-чуларынын кадыр-баркына жана ар-намысына залакасын тийгизүүчү жарыялоолорго жол бербөөгө**

Мындай жарыялоолорго жол берген жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар талапкердин, саясий партиянын талабы боюнча төгүндөө жарыялоого же чындыкка ылайык келбеген же же андай чындыкты бурмалаган макалага же чыгып сүйлөөгө түшүндүрмө берүүгө милдеттүү.

## 44 берене

Жалпыга маалымдоо каражаты тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарынын бузулушу - жеке жактар үчүн 10 000 сом жана юридикалык жактар үчүн 28 000 сом айып салууга алып келет

## 45 берене

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө талапкердин ар-намысын же кадыр-баркын жаманатты кылган маалыматтарды билип туруп таратуу, - жеке жактар үчүн 12 000 сом жана юридикалык жактар үчүн 35 000 сом айып салууга алып келет

## 46 берене

Шайлоо дайындалгандан тартып шайлоонун натыйжалары расмий жарыялангaнга чейинки мезгил ичинде талапкердин, саясий партиянын ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын таратышы, - жеке жактар үчүн 17 000 сом жана юридикалык жактар үчүн 55 000 сом айып салууга алып келет

## 47 берене

Мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде, же болбосо референдум мезгилинде алардын чыгарылышы үчүн жоопту уюмдар жана адамдар жөнүндө маалыматтар камтылбаган үгүттүк басма сөз материалдарын, же болбосо чет өлкөдө даярдалган материалдарды таратуу, - жеке жактар үчүн 12 000 сом жана юридикалык жактар үчүн 35 000 сом айып салууга алып келет

## 5. Шайлоо процесси жөнүндө жалпы маалымат

**Кыргыз Республикасындагы шайлоонун принциптери:** шайлоо жалпы, тең жана түз шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренеси). Президентти жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо милдеттүү болуп саналат жана мезгил-мезгили менен Конституцияда белгиленген мөөнөттөрдө өткөрүлөт ("Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 7-беренеси).

**Шайлоо эркиндиги** өз шайлоо укуктарын ыктыярдуу жүзөгө ашырат, шайлоого катышууга же катышпоого мажбурлоого жол берилбейт дегенди билдирет.

**Жалпы шайлоо укугу** мыйзамдарда белгиленген тиешелүү критерийлерге жооп берген бардык жарандар добуш берүүгө укуктуу жана мыйзамдарда белгиленген тиешелүү критерийлерге жооп берген бардык талапкерлер добуш берүүгө укуктуу дегенди билдирет.

**Тең шайлоо укугу** добуш берүүгө укуктуу жарандар бирдей сандагы добушка ээ жана добуштун салмагы бирдей, ал эми шайлоого катышкан бардык талапкерлер тең укукка жана мүмкүнчүлүктөргө ээ дегенди билдирет.

**Түз шайлоо укугу** Кыргыз Республикасынын жарандары бийликтин өкүлчүлүктүү органдарын түздөн-түз шайлайт дегенди билдирет.

**Жашыруун добуш** шайлоочу башка бардык адамдардан жашыруун добуш берет жана шайлоочу өз добушун кимге бергенин билгенге эч кимдин укугу жок дегенди билдирет.

**Шайлоонун милдеттүүлүгү** шайлоо Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында белгиленген мөөнөттөрдө жана тартипте өткөрүлүүгө тийиш дегенди билдирет.

**Шайлоонун мезгилдүүлүгү** Конституцияда Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү белгиленген, ал мөөнөт аяктагандан кийин Жогорку Кеңештин же жергиликтүү кеңештин жаңы курамын шайлоо үчүн шайлоо өткөрүлөт дегенди билдирет. Жогорку Кеңеш шайланган конституциялык мөөнөт ал шайланган күндөн тартып эсептелет. Натыйжасында Жогорку Кеңеш укук ченемдүү курамында шайланган добуш берүү күнү Жогорку Кеңеш шайланган күн болуп саналат.

**Шайлоочулар:** биометрикалык каттоодон өткөн 18 жашка толгон, КР жарандары шайлоо укугуна ээ. Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып жаткан жарандар шайлоо укугуна ээ эмес.

**Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер**

Шайлоо күнүнө карата 21 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жараны (“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59-беренеси).

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкер**

21 жаш куракка толгон, жалпы орто билимден төмөн эмес билими бар, тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөсү болуп саналган Кыргыз Республикасынын жараны (“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренеси)

Мыйзамда белгиленген тартипте соттуулугу жоюлбаган адамдар Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына шайланууга укуксуз

Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып жаткан жарандар шайлоо укугуна ээ эмес.

Кыргыз Республикасынын жарандары тегине, жынысына, расасына, этноско таандыгына, майыптыгына, билимине, кызматтык жана мүлктүк абалына, туткан динине, саясий жана башка ишенимдерине карабастан, шайлоого, шайланууга укуктуу.

Кыргыз Республикасында шайлоо комиссиялары шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат. Шайлоо комиссияларынын бирдиктүү системасын төмөнкүлөр түзөт:




Шайлоо комиссиялары өз ишин төмөнкү принциптердин негизинде жүзөгө ашырат:

- мыйзамдуулук
- айкындуулук
- ачыктык
- көз карандысыздык
- коллегиалдуулук
- адилеттүүлүк
- калыстык

# Жогорку Кеңешке шайлоо



Жогорку Кеңеш – Кыргыз Республикасынын парламенти - мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү принцибин сактоо менен контролдук кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруучу өкүлчүлүктүү жогорку орган болуп саналат.

Жогорку Кеңештин конституциялык курамы 5 жылдык мөөнөткө шайлануучу 120 депутаттан турат. Жогорку Кеңештин депутаттары пропорционалдык система боюнча шайланат, мында парламенттеги мандаттар партия шайлоодо алган добуштарынын санына жараша пропорциялуу бөлүштүрүлөт.




Мандаттарды бөлүштүрүүгө катышуу укугун алуу үчүн партия жалпы республика боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 7 жана андан көп пайызын жана ар бир облус, Бишкек жана Ош шаарлары боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 0,7 жана андан көп пайызын алууга тийиш.

Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күнгө чейин 6 айдан кем эмес мөөнөттө каттоодон өткөн саясий партиялар Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүүгө укуктуу.

Тизмеде 75 талапкерден кем жана 200 талапкерден ашык адам болушу мүмкүн эмес. Талапкерлердин тизмесин аныктоодо саясий партия төмөнкүдөй өкүлчүлүктү эске алууга милдеттүү (“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамынын 60-беренеси):



**Гендердик квота**

● бир жыныстагы талапкерлердин 70 пайыздан ашпоосун

● кезектешүү айырмасы үч позициядан ашпоосун



**Жаштардын квотасы**

● 35 жаштан ашпаган талапкерлердин 15 пайыздан кем болбоосун

● кеминде 5 талапкердин алгачкы 65 талапкердин тизмесине киргизилишин



**Этностук квота**

● ар кандай этносторго таандык талапкерлердин 15 пайыздан кем болбоосун

● кеминде 5 талапкердин алгачкы 65 талапкердин тизмесине киргизилишин



**ДМЧА квотасы**

● кеминде 2 талапкердин - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардан болуусун

● бир талапкер биринчи 50 талапкердин тизмесине киргизилишин

*“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамынын 60-беренеси.*

# Жергиликтүү кеңештерге шайлоо

Жергиликтүү кеңештер “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен белгиленген тартипте 4 жылдык мөөнөткө шайлануучу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары.

## Айылдык кеңеш

- Айыл аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы
- Талапкерлерди көрсөтүү: партиялар жана өзүн өзү көрсөтүү

## Шаардык кеңеш

- Шаардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы
- Талапкерлерди көрсөтүү: партиялар гана, тизмеде бир жыныстагы талапкерлер 70 пайыздан ашпоосу керек

## 6. Шайлоо процессинин жүрүшү жөнүндө маалымдоо

Шайлоону маалыматтык жактан камсыздоо жарандардын аң-сезимдүү эрк-ниетин билдирүүсүнө жана шайлоонун ачык-айкындуулугуна көмөктөшөт, төмөнкү эки багытты камтыйт:

- шайлоочуларга маалымдоо
- шайлоо алдындагы үгүт

### Шайлоочуларга маалымдоо

| | |
|---|---|
| шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү жана шайлоо комиссияларынын, шайлоо участокторунун иши, шайлоочулардын тизмесин түзүү жана өзгөртүү тартиби, добуш берүүгө катышуу тартиби, добуш берүү тартиби, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо тартиби жөнүндө маалыматты даярдоо жана таратуу боюнча иш | шайлоо комиссияларынын тигил же бул талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга (саясий партияларга) артыкчылык бербеген жана тигил же бул талапкер, саясий партия үчүн же аларга каршы шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган, талапкер (талапкерлер) жана саясий партия (саясий партиялар), алардын программалары жөнүндө расмий маалыматты даярдоо жана таратуу боюнча иши |

## Шайлоочуларга маалымдоону төмөнкүлөр жүзөгө ашырат:

| | | |
|---|---|---|
| **Шайлоо комиссиялары** | **Мамлекеттик органдар** | **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары** |
| **ЖМК жана интернет-басылмалар** | **Юридикалык жана жеке жактар** | |

Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, шайлоо комиссиялары жарандарды өз убагында жана так кабарландыруу үчүн жоопкерчилик тартат *(“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамынын 22-беренеси).*

Шайлоочуларга жана шайлоонун башка катышуучуларына маалымдоо **шайлоонун бардык баскычтарында** жүзөгө ашырылат. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана шайлоо комиссиялары шайлоо дайындалгандан баштап, шайлоонун натыйжаларын расмий түрдө жарыялаганга чейин бардык шайлоо аракеттери жана аларды жүзөгө ашыруу мөөнөттөрү жөнүндө шайлоочуларга жана шайлоонун башка катышуучуларына ЖМКда жана интернет-басылмаларда маалымдап турат.

БШК көрсөтүлгөн, катталган талапкерлер, саясий партиялардын шайлоо фонддорундагы каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы, саясий партиялардын шайлоо фонддорундагы каржы отчеттору жөнүндө шайлоочуларга маалымдоону жүзөгө ашырылат.

ЖМКда, интернет-басылмаларда жайгаштырылуучу же башка ыкма менен таратылуучу маалыматтык материалдардын мазмуну төмөнкүдөй **болууга тийиш:**

- Объективдүү
  Анык
- Саясий партиялардын теңдигин бузбоого тийиш
- Талапкерлерди, талапкерди көрсөткөн саясий партияларды кодулоого (укуктарын басынтууга) жол бербөөгө тийиш
- Тигил же бул талапкерге, саясий партияга артыкчылык берилбөөгө тийиш

Маалыматтык теле жана радио программаларда, мезгилдүү басылмалардагы (менчигинин түрүнө карабастан) жарыялоолордо катталган талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө маалыматтар, талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы иш-чараларды өткөрүүсү жөнүндө билдирүүлөр өзүнчө маалыматтык блок катары, комментарийсиз берилүүгө тийиш. Мындай маалыматтык блокторго талапкерлер, каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөр, саясий партиялар акы төлөбөйт.

Аларда кайсыл бир талапкерге же саясий партияга артыкчылык берилбөөгө тийиш, кайсыл бир талапкерди же саясий партияны, мунун ичинде анын шайлоо алдындагы ишин чагылдыруу убактысы, мындай билдирүүлөр үчүн берилген эфир убактысынын же басылма аянтынын көлөмү боюнча кодулоого жол **берилбөөгө тийиш.**

Шайлоо комиссиялары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларга маалымдоо боюнча зарыл болгон атайын чараларды көрөт.
Бул үчүн маалымат материалдары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн сурдокотормону же субтитрди колдонуу менен укма-көрмө форматта (санариптик алып жүрүүчүдө) даярдалууга, окуу үчүн ыңгайлуу болгон, чоңойтулган арип менен басылып чыгууга, ошондой эле Брайль арибин жана (же) текст файлдарын үн же тактил сигналдарына өзгөртүүчү компьютердик программалар орнотулган атайын жабдууну (тифлокаражат), ошондой эле башка атайын каражаттарды пайдалануу менен даярдалууга тийиш.



# Коомдук пикирди сурамжылоо

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык шайлоого байланыштуу коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын жарыялоо (чагылдыруу) шайлоочуларды кабарландыруунун бир түрү болуп саналат.



Шайлоого байланыштуу коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын жарыялоо (чагылдыруу) учурунда, көрсөтүлгөн жарыялоону (чагылдырууну) жүзөгө ашырып жаткан жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар, жарандар жана уюмдар төмөнкүлөрдү **көрсөтүүгө милдеттүү:**

| | | |
|---|---|---|
| пикир сурамжылоону жүргүзгөн уюмду же жеке жакты | пикир сурамжылоо жүргүзүлгөн убагын | сурамжылангандардын санын (иргелген) |
| маалыматты чогултуу усулун | сурамжылоо жүргүзүлгөн аймакты | суроонун так баяндалышын |
| мүмкүн болуучу кемчиликтерге статистикалык баа берүүнү | сурамжылоону жүргүзүүнү табыштаган жакты (жактарды) | сурамжылоону жарыялоого акы төлөгөн жакты (жактарды) |

# 29

## Сентябрь

Добуш берүү күнүнө чейинки акыркы 5 календардык күндө, ошондой эле добуш берүү күнү коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын, шайлоонун натыйжаларынын божомолдорун, шайлоого байланышкан башка изилдөөлөрдү жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда жарыялоого (чагылдырууга) **жол берилбейт.**

Конституциялык мыйзамдын көрсөтүлгөн талаптарын (22-берененин 6-бөлүгү) сактабоо мындай маалыматтарды камтыган материалдарды үгүттөө деп таанууга жана колдонуудагы мыйзамдарда каралган жоопкерчиликке алып келет.

| | |
|---|---|
| **Добуш берүү күнүнө чейин 75 календардык күн мурда** | БШК ЖМК ж.б. жеткиликтүү жолдор аркылуу шайлоочуларга шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу, өз маалыматтарын тактоо зарылдыгы жөнүндө маалымдоого милдеттүү |
| **Партиялардын тизмесин каттагандан кийин** | КР БШКнын сайтында саясий партиялардан талапкерлердин тизмелери, талапкерлердин маалыматтары, ошондой эле талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо алдындагы программалары жарыяланат |
| **Добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күн мурда** | участкалык шайлоо комиссиялары ЖМК ж.б. жеткиликтүү жолдор аркылуу добуш берүү убактысы жана жери жөнүндө кабарлоого милдеттүү |
| **Добуш берүү күнү** | добуш бергендердин саны жөнүндө маалыматтар БШКнын расмий сайтында жарыяланат |
| **Шайлоо участогу боюнча жыйынтыктар белгиленгенден кийин токтоосуз** | ар бир шайлоо участогу боюнча жыйынтыктар БШКга келип түшкөнүнө жараша токтоосуз БШКнын расмий сайтында жарыяланат |
| **Натыйжаларды аныкталгандан кийин бир сутка ичинде** | шайлоонун натыйжалары аныкталгандан кийин бир сутка ичинде БШК шайлоонун натыйжалары жөнүндө жалпы маалыматтарды ЖМКларга жөнөтөт |
| **Натыйжалар аныкталгандан күндөн тартып 2 жумалык мөөнөттө** | шайлоонун натыйжаларын расмий жарыялоо шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 2 жумалык мөөнөттө БШК тарабынан жүзөгө ашырылат |

# 7. Шайлоо алдындагы үгүт

Шайлоо алдындагы үгүт – шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде Кыргыз Республикасынын жарандарынын, талапкерлердин, талапкерлердин, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана ишенимдүү адамдарынын шайлоочуларды тигил же бул талапкерлер (талапкерлердин тизмелери) үчүн же аларга каршы добуш берүүгө түрткөн, же түртүү максатын көздөгөн маалыматтарды даярдоо жана таратуу боюнча иштери.

Төмөнкүлөр шайлоо алдындагы үгүт деп таанылат ("Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 10-бөлүгү):

- тигил же бул талапкер, талапкерлердин тизмеси үчүн добуш берүүгө же болбосо аларга каршы добуш берүүгө үндөөлөр
- айрым талапкерлерге, саясий партияларга карата колдоону билдирүү
- талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоонун же шайлабай коюунун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндап жазуу
- талапкерлердин, алардын кесиптик иштерине же алардын өздөрүнүн кызматтык (кызмат орду боюнча) милдеттерин аткарууларына байланышпаган ишмердиги жөнүндө маалыматтарды таратуу

## Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү мөөнөттөрү

талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн – 2020-жылдын 4-сентябрынан башталат

добуш берүү башталганга 24 саат калганда токтотулат (2020-жылдын 3-октябрында эртең мененки саат 8.00дө)

**Мурда шайлоо комиссияларынын имараттарынан жана жайларынан тышкары жайгаштырылган басылма үгүт материалдары (баракчалар, плакаттар, билборддор жана башка материалдар) добуш берүү күнү мурунку орундарында сакталат.**

## Үгүт жүргүзүүнүн тариздери жана ыкмалары

**Шайлоо өткөрүүдө үгүт төмөнкүдөй жүзөгө ашырылышы мүмкүн:**

- жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалары аркылуу
- стадиондордо жана калктуу конуштардын көчөлөрүндө, ошондой эле спорттук иш-чараларда концерттерди жана театралдаштырылган оюндарды өткөрүүнү кошпогондо, үгүттүк ачык иш-чараларды (митингдерди, чогулуштарды, теледебаттарды) өткөрүү аркылуу
- басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таратуу жолу менен
- мыйзамда тыюу салынбаган башка тариздерде

**Тыюу салынбаган башка тариздерге төмөнкүлөр кирет:**

| | | |
|---|---|---|
| Дебаттарды уюштуруу жана өткөрүү | Дискуссияларды уюштуруу жана өткөрүү | Басма сөз жыйындары |
| Интервью | Чыгып сүйлөө (кайрылуу) | Телеочерк көрсөтүү |
| Талапкер жөнүндө видеофильм көрсөтүү | Эл алдында чыгып сүйлөө | Баракчалар менен өнөктүк уюштуруу жана өткөрүү |
| Тышкы жарнама | Көчө жарнама | Интернет |

## ДМЧ шайлоочуларды үгүттөөнүн өзгөчөлүктөрү



Саясий партиялар жалпы нускасынын бир пайызынан аз эмес саны ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн окуганга ыңгайлуу чоңойтулган арипте, сурдокотормону же субтитрди колдонуу, ошондой эле Брайль арибин же атайын каражаттарды колдонуу менен басылып чыккан үгүт материалдарын жарыялоого жана таратууга милдеттүү.

## ЖМК аркылуу шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттары

Талапкерлерге, саясий партияларга жалпыга маалымдоо каражаттарына жана интернет-басылмаларына жетүүнүн тең шарттарына кепилдик берилет.

Уюштуруучулары (тең уюштуруучулары, ээлери) мамлекеттик жана ЖӨБ органдары же аларга ведомстволук баш ийүүдөгү мекемелер жана ишканалар болуп саналган, толугу менен же жарым-жартылай республикалык же жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланган ЖМК жана интернет-басылмалары, ошондой эле салык жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдө башка ЖМКларга салыштырганда жеңилдиктери бар жалпыга ЖМК жана интернет-басылмалары талапкерлерге, саясий партияларга шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүдө тең мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга милдеттүү.

ЖМК жана интернет-басылмалары талапкерлерге, саясий партияларга келишимдик негизде, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген телерадио уюмдарынын каналдарында обо убактысын, мезгилдүү басылмаларда басма аянтын талапкерлерге, саясий-партияларга берүүнүн тартиби жөнүндө нускамаларга ылайык талапкерлерге, саясий партияларга обо убактысын, басма аянттарын берүүгө укуктуу. Обо убактысын берүүнүн, мезгилдүү басма сөздө же интернет-басылмада жарыялоо үчүн акы төлөөнүн өлчөмү бардык талапкерлер, саясий партиялар үчүн бирдей болууга тийиш.

**Бардык басылма жана башка үгүт материалдары төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:**

- үгүт материалдарын даярдаган уюмдун аталышын жана дарегин (адамдын фамилиясын, атын, атасынын атын жана жашаган жеринин дарегин)
- үгүт материалдарын даярдоого тапшырык берген адамдын (уюмдун, жеке ишкердин аталышын) фамилиясын, атын, атасынын атын
- алардын нускасы жана чыгарылган датасы жөнүндө маалыматты
- аларды даярдоо тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнгөндүгү жөнүндө маалыматты
- ошондой эле тапшырык акысын төлөгөн талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясын, атын, атасынын атын

**Көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын таратууга тыюу салынат.**

**Тиешелүү шайлоо фондунан алдын ала төлөбөстөн жана ушул беренеде белгиленген талаптарды бузуу менен шайлоо алдындагы үгүт материалдарын даярдоого тыюу салынат.**

ЖМК редакциялары, интернет-басылмалары шайлоо алдындагы үгүт материалдарынын жарыяланышын, чыгарылышын эсепке алат. БШКдан суроо-талап түшкөн учурда ЖМК редакциялары, интернет-басылмалары 2 жумуш күнү ичинде жазуу жүзүндө маалыматты, ал эми зарыл болгондо – суралып жаткан материалдардын көчүрмөлөрүн берүүгө милдеттүү.

Катталган талапкерлерге, катталган талапкерлерди көрсөткөн саясий партияларга эфир убактысын, басылма аянтын берген телерадиоуюмдар жана мезгилдүү басма сөздүн редакциялары (менчигинин түрүнө карабастан) алардын көлөмүнө жана баасына, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген эсеп жүргүзүү таризине жана тартибине ылайык, өзүнчө эсеп жүргүзүүгө милдеттүү.




Мындай эсептин маалыматтары шайлоо алдындагы үгүт мезгилинде ар 10 күн сайын жана добуш берген күндөн кийинки 10 күндүк мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын жарыялоолоруна, берүүлөрүнө байланыштуу талаш-тартыштар Борбордук шайлоо комиссиясы же соттор тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каралат.

а) **Телекөрсөтүү жана радио боюнча шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү**
(“КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамынын 24-беренеси).

Талапкерлер, саясий партиялар шайлоо өткөрүлүп жаткан аймактарда телерадио берүүлөрдү жүзөгө ашыруучу телерадиоуюмдарынын каналдарында аларга акысыз берилүүчү эфир убактысына укуктуу. Көрсөтүлгөн эфир убактысы теле- жана радио программалар аудиториянын көпчүлүгүн чогултуучу – саат 20:00дон саат 24:00го чейинки мезгилге туура келиши керек.

Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо үгүт иштерин жүргүзүү үчүн мамлекеттик телерадио уюму бөлүп берген акысыз эфир убактысынын жалпы көлөмү жумуш күндөрү бир сааттан кем болбоого тийиш. Көрсөтүлгөн акысыз эфир убактысы, катталган жана берүүгө келген талапкерлердин, саясий партиялардын ортосунда тең негизде бөлүштүрүлөт.

Акысыз бөлүнгөн эфир убактысынын жалпы көлөмүнүн жарымынан кем эмеси талапкерлерге, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга дебаттарды жана ушуга окшогон үгүт иш-чараларын биргелешип өткөрүүлөрү үчүн гана берилет. Бардык талапкерлерге, саясий партияларга акысыз эфир убактысындагы бул үлүшүн пайдаланууга бирдей негиздерде жол берилиши керек.

Телерадио уюмдарынын каналдарында жүргүзүлүүчү биргелешкен үгүт иш-чараларга катталган талапкерлер жеке өздөрү, саясий партиялар катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлер

**Катталган талапкердин же саясий партиянын өкүлдөрүнүн жана колдоочу топторунун мындай иш-чараларга катышуусуна жол берилбейт.**

Биргелешкен үгүт иш-чараларына катышуудан баш тартканда же келбей калганда акысыз эфир убактысы башка убакта берилбейт.

Талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн сүйлөгөн сөзүн бөлүүгө, ошондой эле аларды кандайдыр бир чечмелөөлөр менен коштоого тыюу салынат.



Телерадио уюмдары шайлоонун деңгээлине жараша, талапкерлердин, саясий партиялардын үгүт жүргүзүүсү үчүн акы төлөнүүчү эфир убактысынын сактамын калтырууга милдеттүү.

Көрсөтүлгөн эфир убактысы келишимдин негизинде тиешелүү талапкердин, саясий партиянын талабы боюнча акыга берилүүсү тийиш. Сактамга калтырылган акы төлөнүүчү эфир убактысынын жалпы көлөмү акысыз эфир убактысынын жалпы көлөмүнөн кем болбошу, ошондой эле акы төлөөнүн өлчөмү бардык талапкерлер, саясий партиялар үчүн бирдей болушу керек.

Мында ар бир талапкер, саясий партия сактамда калтырылган эфир убактысынын жалпы көлөмүнөн ал көлөмдү талапкерлердин, саясий партиялардын жалпы санына бөлүштүрүүдөн алынган үлүш чегиндеги убакытты алууга укуктуу.

Талапкерлерге, саясий партияларга берилген акы төлөнүүчү эфир убактысынын баасы шайлоо дайындалган күнгө чейинки 6 ай мурда алынган баадан ашышы мүмкүн эмес.

Талапкерлерге, саясий партияларга эфир убактысын берген телерадио уюмдары, менчигинин түрүнө карабастан, эфир убактысын ошондой эле шартта (баанын, эфирге чыгуу убактысынын, убакыт көлөмүнүн бирдейлиги жана башка шарттар) башка талапкерлерге, саясий партияларга берүүгө милдеттүү.

Шайлоо алдындагы үгүткө арналган теле жана радио берүүлөрдүн тартиби, көлөмү жана убактысы телерадио уюмдарынын жетекчилиги менен макулдашуу боюнча, шайлоо комиссиялары тарабынан белгиленет жана талапкерлердин, саясий партиялардын ортосунда теңчилик принцибин сактоо менен бөлүштүрүлөт.

Акыга эфир убактысын берүүдө кызмат көрсөтүү үчүн төлөнүүчү акынын өлчөмү эфир убактысын берүүнүн ЖМКда жарыяланган жана БШКга берилген маалыматтардагы баага жана башка шарттарга дал келүүгө тийиш. Акыга эфир убактысын берүүдө акы төлөө талапкердин, саясий партиянын тиешелүү шайлоо фондунан гана жүргүзүлүүгө тийиш.

Шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде талапкерлердин аты-жөнүн же сүрөттөрүн пайдалануу менен коммерциялык жана шайлоо менен байланышпаган башка ишмердүүлүк жарнамасын, ошондой эле талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялардын аталышын, эмблемаларын жана башка символикаларын пайдаланган жарнаманы төлөө тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен гана жүргүзүлөт. Добуш берүү күнү жана добуш берүү күнүнөн мурунку күнү мындай жарнамага, анын ичинде шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен төлөнгөн жарнамага жол берилбейт.

Эфир убактысында үгүт материалдарын тиешелүү талапкер, саясий партия менен макулдашылбаган кандай гана тариздеги болбосун редакциялык чечмелөөлөр, иллюстрациялар менен коштолууга тийиш эмес. Шайлоо алдындагы үгүт материалдарын берүүнү бөлүүгө, анын ичинде товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жарнамалоо менен бөлүүгө, ошондой эле шайлоо алдындагы үгүт материалдарын берүүнү башка теле- жана радиопрограммаларды берүү, башка үгүт материалдарын берүү менен жабууга жол берилбейт.

Шайлоо алдындагы үгүттү камтыган эфирге чыгарылган теле- жана радиопрограммалардын укма-көрмө жазуулары шайлоонун натыйжалары жарыяланган күндөн тартып, 12 айдан кем эмес убакыт тиешелүү телерадио берүү уюмунда сакталат. Тиешелүү шайлоо комиссиясынын талабы боюнча телерадио берүү уюму жогоруда көрсөтүлгөн теле- жана радиопрограммалардын көчүрмөлөрүн акысыз берүүгө милдеттүү.

## Дебаттар



Эгерде телерадио-компаниялардын орун-жайлары бардык саясий партиялардын өкүлдөрүн бир учурда батыра албаса, дебаттар бардык саясий партиялар үчүн бир учурда же саясий партиялардын топтору менен өзүнчө өткөрүлүшү мүмкүн. Дебаттардын катышуучу топторунун курамы чүчүкулак тартуу аркылуу аныкталат. Дебаттарга саясий партиялардын катталган тизмесиндеги талапкерлер жеке өздөрү гана катыша алышат.

Катталган саясий партиянын өкүлдөрүнүн жана колдоочу топторунун мындай иш-чараларга катышуусуна жол берилбейт.

Радио- жана теле берүүнүн алып баруучусу дебаттарды жана ошондой үгүт иш-чараларды өткөрүүнүн катышуучулар менен алдын ала макулдашылган тартибин сактоону камсыздайт, аларга башка катышуучулардын суроолоруна же болбосо теле көрүүчүлөрдүн, радио угуучулардын суроолоруна жооп берүүнү сунуштайт.

Алып баруучу төмөнкүлөргө укуксуз:

**дебаттарды өткөрүүнүн алардын уюштуруучулары тарабынан аныкталган тартибин бузууга**

**эгерде дебатты өткөрүүнүн анын катышуучулары менен макулдашылган тартибинде каралбаса же эгерде ал берүүгө арналган эфир убактысынын аякташына байланыштуу болбосо дебаттын катышуучусунун сөзүнүн убактысын чектөөгө**

**шайлоо алдындагы дебаттардын катышуучуларынын кимдир-бирөөнө артыкчылык берүүгө**

Дебаттарда берилүүчү талапкерлер үчүн суроолорду Борбордук шайлоо комиссиясы мөөр басылып чапталган конверттерде жөнөнтөт, алар кошумча түрдө сейф-пакетте жайгаштырылат жана түз эфирде дебаттардын жүрүшүндө ачылат. Талапкерлер конверттерди суроолору менен тандабай туруп алышат.

Дебаттардын жүрүшүндө бардык саясий партияларга сүйлөө үчүн бирдей убакыт берилет.

**б) Басылма жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылма аркылуу шайлоо алдында үгүт жүргүзүү.**

("Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР конституциялык Мыйзамынын 25-беренеси).

Уюштуруучулары (тең уюштуруучулары, ээлери) мамлекеттик жана ЖӨБ органдары же аларга ведомстволук баш ийүүдөгү мекемелер жана ишканалар болуп саналган, толугу менен же жарым-жартылай республикалык же жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланган ЖМК жана интернет-басылмалары, ошондой эле салык жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдө башка ЖМКларга салыштырганда жеңилдиктери бар жалпыга ЖМК жана интернет-басылмалары мезгилдүү басылма ЖМК, ошондой эле интернет-басылмалар тең шарттарда А4 өлчөмүндө бир беттен кем эмес **акысыз** басылма же тиешелүүлүгүнө жараша электрондук аянтын бөлүп берүүгө тийиш.

Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан расмий билдирүүлөрдү жана материалдарды, ченемдик жана башка актыларды жарыялоо үчүн гана уюштурулган басылмалар аларга кошулбайт.

Адистештирилген (балдар, техникалык, илимий жана башка) басма сөз же интернет-басылмалары үчүн шайлоо өнөктүгүнө кандай гана түрдө болбосун толук катышпаган шартта, кандай гана таризде болбосун үгүт материалдарын жарыялоодон баш тартууга жол берилет.

Талапкерлерге, саясий партияларга басма же интернет аянттарын берген мезгилдүү басылмалар менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле шарттарда (баанын, көлөмдүн бирдейлиги жана башка шарттар) башка талапкерлерге, саясий партияларга басма же электрондук аянттарын берүүгө милдеттүү. Мында басма же электрондук аянтынын баасы шайлоо дайындалган күнгө чейин 6 ай мурда алынган баадан ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо алдындагы өнөктүктөргө катышуу менен жалпыга маалымдоо каражаттары төмөнкүдөй жарыялоолорго жол берүүгө УКУКСУЗ:

**билип туруп жалган маалыматтарга негизделген**

**талапкерлердин, саясий партиялардын абийирине, ар-намысына же ишмердик беделине зыян келтирүүчү**

**Мындай жарыялоолорго жол берген жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар талапкердин, саясий партиянын талабы боюнча төгүндөөнү акысыз жарыялоо же чындыкка дал келбеген же аны бурмалаган макалага же кабарга түшүндүрмө берүү мүмкүнчүлүгүн түзүүгө МИЛДЕТТҮҮ.**

Төгүндөөлөр же түшүндүрмөлөр жооп берилип жаткан маалымат басылган бетте, электрондук аянтчада, ошондой эле арип менен берилет.

**мезгилдүү басылмаларда**

➤кийинки санында

**интернет-басылмаларда**

➤төгүндөө же түшүндүрмө келип түшкөн күнү

**теле көрсөтүү же радио бюнча**

➤төгүндөө же түшүндүрмө келип түшкөн күндөн кийинки күндөгү чыгарылышта

Төгүндөөнү же башка түшүндүрмөнү элге жарыялоо үчүн эфир убактысы талапкерге, саясий партияга баштапкы маалымат элге жарыяланган сутканын ошол эле убактысында берилиши керек жана анын көлөмү баштапкы маалыматты берүү үчүн берилген обо убактысынын көлөмүнөн аз болбоого, бирок эки мүнөттөн кем болбоого тийиш.

Мезгилдүү басылмаларда үгүт материалдарын жарыялоо кандай гана таризде болбосун редакциялык чечмелөөлөр, ошондой эле тиешелүү талапкер, саясий партия менен макулдашылбаган аталыштар (заголовок) жана иллюстрациялар менен коштолбоого тийиш.

Үгүт материалдарын жарыялоочу мезгилдүү басылмалардын редакциялары тиражды жана/же мезгилдүү басылмалардын чыгарылыш мезгилдүүлүгүн өзгөртүү жолу менен тигил же бул талапкерге, саясий партияга артыкчылык берүүгө укуксуз.

Басма аянтын берүүдө кызмат көрсөтүү үчүн төлөнүүчү акынын өлчөмү басма аянтын берүүнүн тиешелүү шайлоо комиссияларына берилген маалыматтардагы баага жана башка шарттарга дал келүүгө тийиш.

Басма аянтын берүүдө акы төлөө талапкердин, саясий партиянын тиешелүү шайлоо фондунан гана жүргүзүлүүгө тийиш.

# Үгүт жүргүзүүгө, үгүт материалдарын чыгарууга жана таратууга ким УКУКСУЗ:

мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар

Жогорку Кеңештин депутаттарын кошпогондо, мамлекеттик саясий кызмат орундарын ээлеген адамдар

жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кошпогондо, атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар

шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү

байкоочулар, эл аралык байкоочулар

диний ишмерлер

кайрымдуулук иштери менен алектенишкен уюмдардын уюштуруучулары жана мүчөлөрү

18 жашка толо элек адамдар

чет элдик жарандар жана уюмдар

жарандыгы жок адамдар

---

*("Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 15-бөлүгү).*

## Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө төмөнкүлөргө тыюу салынат:

Кыргыз Республикасынын аймагында таратылуучу чет өлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарында шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө. Шайлоо өткөрүү мезгилинде чет өлкөлүк теле- жана радио программалар жазылып алынган түрүндө берилет.

Талапкерлердин жана саясий партиялардын ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген теле- жана радио программаларды жазып алып берүүгө. Мындай учурларда көрсөтүлгөн маалыматтарды таратканы үчүн жергиликтүү жалпыга маалымдоо каражаттары жоопкерчилик тартышат.

Эгерде көрсөтүлгөн адамдар ушул ЖМКнын уюштуруучулары же интернет-басылманын ээлери жана бир эле убакта катталган талапкер, талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкер же болбосо талапкердин, саясий партиянын өкүлдөрү болуп саналса, ЖМКнын редакцияларынын журналисттерине, башка чыгармачыл кызматкерлерине, ошондой эле кызмат адамдарына маалыматтык теле- жана радио программаларын алып баруута, ушул жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылма аркылуу шайлоону чагылдырууга катышууга (ушул эреже мамлекеттик жана жергиликтүү телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз эфир убактысын пайдаланганда үгүт менен чыгып сүйлөгөнгө тиешелүү болбойт)

# 8. Добуш берүү күнү жана добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү

## Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР конституциялык Мыйзамында ДОБУШ БЕРҮҮ ҮЧҮН ЖАЙДАН ТЫШКАРЫ ДОБУШ БЕРҮҮ каралган, **добуш берүү күнүнө чейин бир күн калганда** өткөрүлөт.

Төмөнкү шайлоочулар добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш бере алат:

ден соолугунун абалы же майыптыгы боюнча добуш берүү үчүн шайлоо участогуна келе албаган шайлоочулар

добуш берүү күнү ооруканаларда, шектүүлөрдү жана айыптууларды кайтаруу алдында кармоочу жайлардагы шайлоочулар

алыскы жана жетүү кыйын болгон райондордо, алыскы мал жайыт участокторунда убактылуу жашаган шайлоочулар

Өзгөчө учурларда тиешелүү шайлоо комиссиясынын чечими боюнча аскер бөлүктөрүндө, эгерде алар убактылуу жүргөн жер өзүнүн жайгашкан орду боюнча кирген шайлоо участогунун аймагында туруктуу жашаса:

**добуш берүү күнү обочолонгон, калктуу конуштардан алыс жерлерде кызмат өтөп жатышкан аскер кызматкерлери**

**добуш берүү күнү кызмат өтөп жаткан ички иштер органдарынын кызматкерлери**

**тизмеси БШК тарабынан бекитилүүчү, жумуш цикли үзгүлтүксүз ишканаларда иштеген шайлоочулар**

**вахта ыкмасында иштеген шайлоочулар**

Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү, добуш берүү күнүнө чейин бир календардык күн калганда саат 8:00дон 20:00го чейинки мезгилде жана шайлоочунун ага добуш берүү жайынан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн түзүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү кайрылуусунун негизинде гана жүргүзүлөт

ЖМК жана интернет-басылмалардын өкүлдөрү добуш берүү жайынан тышкары добуш берүүдө катышуусу мүмкүн. Добуш берүүнүн жашыруундуулугун сактоо максатында шайлоо бюллетени шайлоочу тарабынан башка адамдардын болушуна жол берилбеген атайын жерде толтурулат.

ЖМК жана интернет-басылманын өкүлү добуш берүү жайынан тышкары добуш берүүдө катышууну кааласа, ал ЖМК өкүлү экенин шайлоочуга эскертүүсү жана турак-жайга кирип, ал жерде фото- жана (же) видео тартууга  шайлоочунун макулдугун алуу сунуш кылынат.

Жайдан тышкары добуш берүүнүн аякташы боюнча добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдүн көзөнөктөрү участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы, катчысы жана башка мүчөлөрү, байкоочулар тарабынан кол коюлган, А4 форматындагы мөөр басылган барак менен бекитилет (пломбаланат) жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Көчмө үкөктөр сейфте (шкафта) сакталат, ал мөөр басылып кошумча бекитилет (пломбаланат).

Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берген шайлоочулардын добуштарын саноо добуш берүү үчүн жайда добуш берүү аяктагандан кийин жүргүзүлөт.

# Добуш берүү күнү

**Шайлоо күнү участкалык шайлоо комиссиялары өз ишин саат 7:10до баштайт.**

**Добуш берүү саат 8:00дон саат 20:00го чейин жүргүзүлөт.**

Добуш берүү күнү ЖМКнын же интернет-басылманын өкүлү саат 7:00дөн тартып добуштарды саноо аяктаганга чейин добуш берүү үчүн жайда болуп, көрсөтүлгөн мезгилде үзгүлтүксүз дагы, өзү эркин тандаган убакыттын тогошунда дагы өзүнүн кесиптик ишин аткарышы мүмкүн.

Добуш берүү үчүн жайга келип, журналист өзүн УШК төрагасына (же анын ордундагы адамга) тааныштырып, күбөлүгүн же өздүгүн жана журналисттин ыйгарым укуктарын күбөлөндүргөн башка документти көрсөтүүгө тийиш.

**Добуш берүү үчүн жай ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулардын талаптарына жооп берүүгө тийиш. ДМЧ адамдар бул жайга тоскоолдуксуз кирүүгө жана анда добуш берүүгө мүмкүнчүлүктөрү болууга тийиш, анын ичинде ыңгайлуу келип-кетүүчү жана жөө жүрүүчү жолдор, жеке автотранспорт токтотуучу атайын жерлер, имараттын биринчи кабаттарында добуш берүүчү жайлардын жайгаштырылышы же болбосо лифттердин болушу, эшиктердин улагасынын кеңдиги, пандустардын болушу (пандусту орнотуу мүмкүн болбосо, жардамга чакыруу баскычтары менен жабдылышы), төшөмөлдөр, тактилдик көрсөткүчтөр, жетиштүү жарык менен камсыздалышы керек.**

**Добуш берүүчү жайдагы жабдуулар (столдор, добуш берүүчү кабиналар жана үкөктөр), ошондой эле маалыматтык такталар жеткиликтүү жана жашыруун добуш берүүнү камсыздоо зарылдыгын эске алуу менен жайгаштырылышы керек. Добуш берүүчү кабиналар кресло-коляска пайдалануучу шайлоочуларга тоскоолдуксуз кирүүгө мүмкүндүк берген параметрлерге ылайык келиши жана оптикалык коррекциялоо каражаттары (лупалар, жарыгы бар лупалар жана башкалар), кошумча жарык, стул, атайын трафарет менен жабдылышы керек.**

ЖМК жана интернет-басылманын өкүлү **добуш берүү үчүн жайда шайлоочулардын добуш берүүлөрүнүн жашыруундуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жүрүшүнө жана добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарууга тоскоол болбостон**, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы аныктаган жерден фото- жана көрмө-тартууну жүзөгө ашыруусу мүмкүн.

шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн шайлоочулардын тизмеси менен иштөөсүн фото- жана көрмө-тартуу ал тизмеде камтылган жеке маалыматтардын купуялуулугу сакталгандай жүзөгө ашырылууга тийиш.

! Эсиңизде болсун, добуш берүү үчүн жайда башкы адам – шайлоочу, ал эми УШКга анын эрк-ниетин эркин билдирүүсү үчүн бардык шарттарды түзүүгө жана добуш берүүнүн жашыруундуулугун камсыздоого мыйзам менен ыйгарым укук берилген.

! шайлоочунун кызыкчылыктарынын артыкчылыгын сактоо менен, УШК мүчөлөрүнүн төмөнкү убактагы ишине кийлигишпөө керек: алар шайлоочуларга добуш берүү үчүн бюллетендерди берип жатканда, шайлоочуларга добуш берүүнүн тартибин түшүндүрүп жатканда, шайлоочулардын даттануулурын жана кайрылууларын караганда, жогору турган шайлоо комиссиясына шайлоо участогунун ачылышы тууралу, добуш берүүнүн жүрүшү тууралу маалыматты билдирген маалда, добуш берүүнү уюштуруунун ыкчам, мисалы, добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү үчүн реестрден көчүрмө даярдоо маселелерин чечүү учурунда, ар кандай актыларды тариздеген, шайлоочулардын тизмесине мыйзамда каралган белгилерди киргизген маалда.

## ЖМК өкүлү өзүнүн кесиптик ишин жүзөгө ашырууда төмөнкүлөрдү аткарууга тийиш:

шайлоочулардын, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн жана аппараттарынын кызматкерлеринин, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын, ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого

журналисттин кесиптик этикасынын ченемдерин сактоого

шайлоо комиссияларынын иши тууралу окурмандарды, теле көрүүчүлөрдү жана радио угуучуларды ар тараптуу жана объективдүү кабарландырууга

коомдогу маанилүү маалыматтарды жашырып-жабуу, бурмалоо, анык билдирүү деген шылтоо менен имиштерди жайылтуу, башка адамдын же жалпыга маалымдоо каражаты болуп саналбаган уюмдун пайдасына маалымат чогултуу максатында өзүнүн кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланбоого

шайлоо комиссияларынын жайларында коомдук тартипти жүрүм-турум ченемдерин бузбоого

ЖМК жөнүндө мыйзамга ылайык журналист **респонденттин макулдугу менен,** анын ичинде керектүү техникалык каражаттарды пайдалануу менен жазууларды жүргүзүшү мүмкүн.

**“Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык ЖМК өкүлү маалымат булагынын же автордун макулдугусуз аудио жана видео түзүлүштөрдү пайдаланышы мүмкүн эмес.**

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү жайындагы тартипке көз салат. Добуш берүү жайында коомдук тартип бузулган учурда, УШК төрагасы добуш берүү жайында коомдук тартипти камсыз кылуу максатында, укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жардамга кайрылууга укуктуу, алар тартип орнотулгандан кийин добуш берүү жайынан чыгып кетүүлөрү керек.

УШК төрагасынын өз ыйгарым укуктарынын чектеринде берилген, шайлоо жүрүмүнүн субъекттеринин укуктарын бузбаган тескемелери добуш берүү жайында тургандардын баары үчүн милдеттүү. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жок болгондо, анын ыйгарым укуктарын участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы же шайлоо комиссиясынын ыйгарым укук берилген мүчөсү аткарат.

Ар бир 2 саат сайын УШК АШКга добуш бергендердин саны тууралу маалымат берип турат. АШКнын системдик администратору алынган маалыматтарды киргизип, автоматтык түрдө БШКнын сайтына жарыялайт.

Саат 20:00дө шайлоо участогу жабылат, добуштарды саноо башталат. Добуштарды саноо убагында журналист алдын ала бул тууралу УШК төрагасына билдирип, аудио жана видео тартууну жүргүзүүгө, ал эми добуштарды саноодон кийин УШКнын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколу менен таанышууга, шайлоо комиссиясынан протоколдордун жана аларга тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн алууга **укуктуу** (“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамынын 11-беренеси).

# 9.Шайлоо календары



# 10. Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматтык ресурстары

**БШКнын расмий сайты – shailoo.gov.kg**

**Портал учурдагы окуялар, шайлоо процесси, жыйналыштар, жоболор, КР БШКнын курамы тууралу маалымат берет.**

**Маалыматтык шайлоо системасы – ess.shailoo.gov.kg**

**Ресурс өткөн жана учурдагы шайлоолордогу добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча маалымат берет.**

**Добуштарды кол менен саноонун протоколунун жана идентификациянын жыйынтык отчётунун графикалык чагылышынын сайты – protocol.shailoo.gov.kg**

**Ресурс өткөн жана учурдагы шайлоолордогу АЭУнун жана добуш берүүнү кол менен саноонун сканерленген протоколдорун алууга мүмкүнчүлүк берет.**

**“Тизме” порталы – tizme.gov.kg**

**Облустар, гендер, жаш курак топтору боюнча шайлоочулардын тизмелери тууралу маалыматты камтыган КР БШКнын ресурсу.**

**Шайлоо участкаларынын картасы - shailoo.gov.kg/kg/map/**

**Даттануулар менен кайрылуулардын ресурсу – shailoo.gov.kg/kg/registry**

**Шайлоо комиссияларына (БШК, АШК, УШК) берилген даттануулар жана кайрылуулар, алар боюнча кабыл алынган чечимдер, сот актылары менен таанышуу үчүн БШКнын ресурсу.**

**“Талапкер” маалыматтык ресурсу – talapker.shailoo.gov.kg**

**Ресурс саясий партиялар жана талапкер тууралу маалыматты камтыйт**

**Telegram**

https://t.me/joinc
hat/AAAAAEV_8i
0N_XIH1Q-XJQ

**Instagram**

https://instagram.
com/tsik_kyrgyzs
tan?igshid=1gpt4
gp1kf9l4

**Youtube**

https://www.yout
ube.com/channel/
UC4Hhg8dK8khb
huCO8JaBj6w

**Facebook**

https://www.face
book.com/shailoo
.kg/

**КР БШК Сиздин ишиңизге ийгилик каалайт!**